КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЖАЙЫЛ РАЙОНУ
ЫНТЫМАК
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОН
ЫНТЫМАКСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

10.10.2025 № 25 с. Полтавка а.

**Кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча Ынтымак айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун 2025-жылдын 22- сентябрындагы № 270 "Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында жана 2025-жылдын 10-октябрындагы Ынтымак айылдык кеңешинин кезексиз сессиясынын отурумунун чечимине ылайык, айылдык кеңеш

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды көрсөтүү үчүн, 2025- жылдын 1-ноябрында саат 10-00дө Ынтымак айыл аймагынын Полтавка айылынын З.Осмонова атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин чоң залында жергиликтүү Курултай өткөрүлсүн.
2. Жумушчу топтун курамы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Жергиликтүү Курултайга катышууга делегаттарды көрсөтүү үчүн жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн чогулуштарынын графиги 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. 80-делегат жергиликтүү Курултайга катышсын.
5. Ынтымак айыл аймагынан 2 делегат шайланып, Кезектеги IV Элдик Курултайга катышууга жөнөтүлсүн.
6. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдетин өзүмө калтырам

Таркатуу: иш кагаздарына, Ынтымак айыл өкмөтүнө, ЖРМАга

**Төрага** **К. Асанов**

Сканировано с CamScanner